DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2020

# ЭКОНОМИКА ИЛИМДЕРИ
# ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ
# ECONOMIC SCIENCES

*Ажиматова Н.М.*

## БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ ШАРТЫНДА ТАБИГЫЙ ЖЕР РЕСУРСТАРЫН ПАЙДАЛАНУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

*Ажиматова Н.М.*

## ЭКОНОМИЧЕСКОЕ ПОЛОЖЕНИЕ ЕСТЕСТВЕННОГО ЗЕМЛЕПОЛЬЗОВАНИЯ В РЫНОЧНОЙ ЭКОНОМИКЕ

*N.M. Ajimatova*

## ECONOMIC SITUATION OF NATURAL LAND USE IN A MARKET ECONOMY

*УДК: 330.34/631.111/338.431*

*Бул макалада базар экономикасы шартында табигый жер ресурстарын пайдалануунун экономикалык абалы жана жер ресурстарын иштеткен ишкердиктин өнүгүүсүнүн маселелери каралган. Республиканын экономикасында маанилүү орунду ээлеген жер ресурстарын пайдалануу үчүн бул өзгөчө мааниге ээ, себеби өлкөдө жүргүзүлүп жаткан реформанын ийгилиги, айыл чарбанын агро өнөр жай комплекси жана аны менен кайчылаш тармактардын жалпы абалы жер ресурстарын пайдаланууга байланыштуу. Бул республиканын калкынын 60%тен ашыгы айыл жеринде жашашы жана өлкөнүн ички дүң продукциясынын маанилүү бөлүгүн алар өндүрүшкөндүгү менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан, жер ресурстарын пайдалануу экономикада жүргүзүлүп жаткан реформанын көйгөйлөрүн окумуштуулар менен практиктер ар тараптуу терең изилдөөгө өзгөчө көңүлдөрүн бөлүүдө. Жер ресурстарын пайдалануу багытындагы реформанын негизги максаты менчик мамилелерин өзгөртүп, чарба иш-аракеттерин жүргүзүүнүн натыйжалуу өнүктүрүүчү жаңы формаларын түзүү болуп саналат.*

***Негизги создор:*** *табигый ресурстар, мамиле, рынок, экономика, реформа, жер, агрардык тармак, айыл чарба, ишкердик, трансформация.*

*Данная статья посвящена рассмотрению экономико-управленческих проблем организации и развития предпринимательской деятельности по поводу эффективности использования природных и земельных ресурсов. В отличие от других средств производства она не изнашивается, а, наоборот, при правильном использовании повышает свое плодородие. Она не может быть заменена другими средствами. Это отличает землю от средств производства, создаваемых трудом человека, средств, поступающих для использования и выбывающих по мере развития технического прогресса. Земля как главное средство производства обладает специфическим свойством. Производственный потенциал сельскохозяйственной организации включает землю, основные производственные фонды сельскохозяйственного назначения, материальные оборотные средства, финансовые и трудовые ресурсы. Главным средством труда сельскохозяйственной организации является земля, которая по сравнению с другими средствами производства не изнашивается, а при грамотном использовании улучшает свое качество.*

***Ключевые слова:*** *природные ресурсы, отношение, рынок, экономика, реформа, земля, аграрный сектор, сельское хозяйство, предпринимательство, трансформация.*

*This article is devoted to the consideration of the economic and management problems of the organization and development of entrepreneurial activity in relation to the efficiency of the use of natural and land resources. Unlike other means of production, it does not wear out, but, on the contrary, increases its fertility when used correctly. It cannot be replaced by other means. This distinguishes the land from the means of production created by human labor, means that come for use and are retired as technical progress develops. Land as the main means of production has a specific property. The production potential of an agricultural organization includes land, fixed agricultural assets, material working capital, financial and labor resources. The main means of labor of an agricultural organization is land, which, in comparison with other means of production, does not wear out, but with proper use it improves its quality.*

***Key words:*** *natural resources, attitude, market, economy, reform, land, agricultural sector, agriculture, entrepreneurship, transformation.*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Базар экономикасы шартында өнөр жай комплекстериндеги өндүрүш солгундап, ири ишканалар биринин артынан экинчиси банкротко кептелген учур. Азыркы учурда жер ресурстарын иштеткен, жерди пайдаланууда көп түшүмдүүлүктү өндүрүү механизиминде адистердин жетишсиздиги мамлекетибизди аксатып келгени талашсыз. Эгемендүү мамлекет болгон күндөн тартып ушул убакка чейинки жер иштетүүдөгү жыйынтыкты, чон фермердик чарбалар жеке менчикке берилип, ар ким өз алдынча иш алып баргандын натыйжасын көрүп жатабыз. Мамлекетибиздин базар экономикада өнүгүшүнө жер ресурстарын иштетүү түздөн-түз олуттуу таасирин берет [3].

Жер ресурстарын иштеткен ишканалардын дыйкан жана фермердик дыйкан чарбаларга ар тараптуу мамлекет тарабына колдоолор аздыгынан, айыл чарба шаймандарын, күйүүчү май, айыл чарба техникалары менен колдоо көрсөтүү максатка ылайык болмок. Ошондуктан көптөгөн чарбаларды адистештирүү проблемалары өтө курч боюнча калууда. Ал ишканалардын көпчүлүгү эч кандай келишим же болбосо буйрутмасы жок иштегендигинен чар жайыт эгиндерин эгишип, түшүмдүүлүгү аз болуп, өндүрүлгөн продукцияны өз каалаган баасында сатып базар шартындагы бааны да туруктуу абалдан чыгарышат.

*Таблица 1*

**Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымы жана түшүмдүүлүгү боюнча көрсөткүч**
(бардык категориядагы чарбаларда)

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дүң жыйым, миң т.** | | | | | | |
| Дан азыктары (тазалангандан кийинки салмакта) | 1528,6 | 1964,2 | 1651,3 | 1497,7 | 1653,1 | 1843,4 |
| Пахта сырьесу боюнча (зачеттук салмакта) | 96,2 | 48,9 | 76,1 | 103,1 | 87,1 | 76,8 |
| Тамеки өсүмдүгү (зачеттук салмакта) | 12,4 | 13,0 | 8,7 | 7,9 | 6,4 | 5,5 |
| Кант кызылчасы боюнча (фабрикалык) | - | 52,0 | 154,1 | 166,4 | 112,1 | 191,4 |
| Картошка | 1364,9 | 1398,2 | 1387,1 | 1351,5 | 1345,2 | 1432,1 |
| Жашылча | 829,7 | 843,1 | 886,7 | 822,7 | 864,9 | 891,3 |
| **Түшүмдүүлүк, жыйналган аянттын бир гектарынан ц.** | | | | | | |
| Дан азыгы (тазалангандан кийинки салмакта) | 24,5 | 31,1 | 27,1 | 21,8 | 29,1 | 30,4 |
| Пахта сырьесу (зачеттук салмакта) | 30,2 | 31,4 | 32,9 | 29,1 | 28,2 | 30,1 |
| Тамеки өсүмдүгү (зачеттук салмакта) | 23,9 | 25,1 | 23,1 | 22,1 | 21,2 | 20,0 |
| Кант кызылчасы (фабрикалык) | - | 101,2 | 155,7 | 187,2 | 189,1 | 254,6 |
| Картошка | 161 | 167 | 171 | 178 | 173,9 | 177,1 |
| Жашылча | 179,1 | 181,0 | 183,2 | 184,0 | 185,1 | 186,9 |

***Булагы:*** *автор аркылуу сунушталды.*

2019-жылда тоют өсүмдүктөрүнүн аянты өткөн жылга салыштырмалуу 25.0 миң гектарга кеңейип 255,7 миң гектарга жеткен. Ал эми 1995-жылга салыштырмалуу дагы 51,23 миң гектарга кыскарган. Ал эми башка өсүмдүктөрдүн түрлөрү боюнча анын себүү аянттары жана дүң жыйымдары төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөндөй.

Андан тышкары кээ бир жылдары картошканын, пияздын жана капустанын эбегейсиз себүү аянтгарын кеңейтип, алардын дүң жыйымынын көлөмү кескин турдо көбөйүп, базарларда баасы түшүп, малга, жандыктарга жем болуп, же таштанды катары тогулуп салынган фактылар дагы көп катталган.

Мындай көрүнүштөрдүн пайда болушуна көпчүлүк чарбакер субъектилер базарда баасы жогору болгон өсүмдүктөрдүн түрлөрүн көбөйтүүгө өткөндүктөрү дагы себеп болгон.

Ушул жылдар ичинде фасоль өсүмдүгүнүн Талас облусу боюнча өтө тез таркап көбөйдү. Эгерде 1995-жылда анын себүү аянты 6,6 миң гектар болсо, 2000-жылы 32,1 миң гектар болсо, 2019-жылы 39,0 миң гектарга чейин, же болбосо 6,5 эсеге чейин көбөйгөн. Ал эми буудайдын себүү аянты Талас облусу боюнча 1995-жылы 45.2 миң гектар болсо 2019-жылы 8.3 миң

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



гектар, же 5.5 эсеге кыскарган [5].

Республикада бир нукка түшүп, калыптанып калган жер ресурстарын иштеткен бизнеске олуттуу өлчөмдө өндүрүштүк эмгек жана финансылык ресурстар чегерилип, бир кыйла тажрыйба топтолуп калгандыгын белгилөөгө болот. Ири ишканаларды салууга, колдоо барын иштетүүгө стратегиялык мааниси бар түрдүү сырьёлук ресурстардын тартыштыгын, ошол эле учурда эмгек капиталынын жетиштүү санын эске алуу менен жер ресурстарын иштеткен бизнестин ар тараптан колдоп, мамлекеттик деңгээлде жөнгө салуу учурдагы эң көйгөйлүү иштин бирине айланып олтурат. Албетте жер ресурстарын иштеткен ишканалардын өнүгүүсүнүн эң негизги себептеринин бири бул ички жана тышкы инвестицияларды тартуу болуп эсептелет. Инвестициянын негизги багыттарынан болуп өндүрүштүн потенциалын жогорулатуу жана өндүрүш кубаттуулугун кеңейтүү гана эмес өндүрүштү өзочө территориялык, регионалдык атаандаштык артыкчылыгын түзүү болуп эсептелет. Ишканалардын атаандаштык көрсөткүчтөрү канчалык жогору болсо, региондун экономикасынын көрсөткүчү дагы татыктуу болот [5].

Республика жалпысынан шекер жана өсүмдүк майы сыяктуу зарыл продуктунун түрлөрү менен өзүн камсыз кыла албайт. Буудайды өстүрүү иши болсо атаандашууга жараксыз, анын сапаты стандарттарга туура келбегендиктен Казакстандан ундун өзүн, же болбосо буудайдын туруктуу сортторун ташып келүүгө мажбур болуудабыз.

Кыргызстандын айыл чарбасында жылда негизги өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү жана мал чарбасында алардын өндүрүмдүлүгү төмөндөп баратат. Өсүмдүк өстүрүүчүлүктө көрсөтүлгөн өсүү айдоо аянттарынын көбөйгөнүнөн, ал эми мал чарбасында – малдардын башынын санынын өскөнүнөн.

Азыркы мезгилде Кыргызстан негизги тамак-аш продуктулары менен өзүнүн өндүрүшүнүн эсебинен камсыз кылат: нан азыктары боюнча – 62,5%, өсүмдүк майлары – 30,9%, кант – 17%, эт боюнча – 64,5%, мөмө-жемиштер боюнча – 63,8% түзөт [2].

Өндүрүлгөн айыл чарбасынын продукциясынын 60% ашыгы калктын өзүнүн пайдалануусуна кетет, бул жогорку көрсөткүч.

Бүгүн жер ресурстарын пайдаланууну көтөрүү үчүн жаңы, алдыңкы агротехникалык технологиялар жана методдор, көп түшүм берүүчү үрөндөр, асылтукум малдар, айыл чарбасын мамлекеттик финансы-кредиттик колдоо, кайра иштетүүчү өнөр жайын колдоо, агроөнөр жай комплекси үчүн заманабап рынок инфраструктурасын түзүү керек.

Экономиканын жер ресурстарын пайдаланууну өнүктүрүүдө топтолгон көйгөйлөрдү чечүүгө комплекстүү мамиле кылуу Кыргызстанда социалдык чыңалууну жеңилдетүүгө алып келиши шексиз [4].

Башка жактан караганда жер ресурстарын иштеткен ишканалардын ишмердүүлүгү көп учурда тобокелчиликке дуушар болот да, алардын өмүр сүрүшү, башкача айтканда турмуш цикли башкаларга караганда кыска болуу тенденциясы байкалат. Бул көрүнүштү табигый нерсе катары көрсө да болот, себеби жер ресурстарын иштеткен ишканалар бир жагынан түптөлүп натыйжалуулугу ашса, орто бизнеске өтүү шарттары түзүлөт. Экинчиден, эгерде ишканалардын иши жүрбөй калса, алардын жарылуусуна же болбосо башка бир структураларга кошулуусуна жол ачылат. Мындай көрүнүш өзгөчө тобокелчилик рамкалары бар мындай чектөөлөргө ылайык жер ресурстарын иштеткен ишканалардын жабылышы же профилинин өзгөрүшү орто же чоң бизнестерге караганда жеңилирээк болот. Ошондуктан чакан бизнести көпчүлүк мезгилде ийкемдүү жана ар кандай өзгөрүүлөргө адаптивдүү деп да айтышат.

Учурда Кыргызстанда базар экономикасы болгондуктан ар бир өндүрүлүп жаткан товарлар рыноктун талабына жооп бериш керек.

Ушул эле учурда чоң жана орто масштабдагы ишканалардын өздөрүнүн көйгөйлөрү да артык. Алардын эң негизгилеринин бири улам өзгөрүлүп турган рыноктогу талаптарга өз убагында жана тийиштүү мейкиндикте ийкемдүүлүк менен жооп кайтаруу маселеси турат. Мындай талапты аткарууда чоң ишканалар өзүнчө ийкемдүү, рыноктун шартына адаптиптүү структураларын түзүүсү зарыл [5].

Адегенде жер ресурстарын иштеткен ишканалардын пайда болушу негизинен өлкөдө рынок мамилелерине өтүүдөгү жүргүзүлгөн реформаларга байланыштуу. Өзгөчө айыл чарбада, соодада, үй тиричилик кызматында, транспортто, коомдук тамактанууда жана башка чөйрөлөрдө административдик ыкмалар да коштоп жатты.

Эгерде чакан ишканалардын ишмердүүлүгүн тереңирээк талдасак, анда дүң жана чекене соода тармагы көңүл бурат. Сооданын негизинен жүрүшү бир топ факторлордон көз каранды. Алардын эң негизгилеринен болуп үй-бүлөлүк керектөөчү товарларды жана кызматтарды сатып алуудагы калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгү болуп эсептелет. Жөндөмдүүлүктүн өзү айлык акыга, пенсия, пособиенин көлөмүнө жана башка кирешенин булактарынан көз каранды, башкача айтканда калктын канчалык сатып алуучу жөндөмдүүлүгү жогору болсо, ошончолук суроо-талаптын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



пайда болушу да белгилүү. Бирок ушул эле мезгилде керектөөчү товарларды жана кызматтарды сатып алууда рациналдуу жана иррационалдуу жолдорду дагы эске алуу зарыл.

Чакан бизнестин дагы бир өзгөчөлүгү бул элге эң керектүү тармактарында биринчи иретте өнүгүү процесси байкалат. Мындай тармакка мейманкалар жана ресторандар көрсөткөн кызматтар кирет. Булардын арасында коомдук тамактануу, жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу да кирет. Чакан бизнестин бул тармактарындагы ыңгайлуулукту анын ийкемдүүлүгүндө уюштуруу маселелери тез арада чечилгендигине да байланыштуу. Ушундан улам чакан бизнестин өнүгүүсү экономикалык ишкердүүлүктүн ар кандай түрлөрүнө гана эмес аймактарга дагы таандык.

Дагы бир айта турган нерсе мамлекетибизди базар экономикасынан пландуу экономикага өткөрсөк жер иштеткен ишканалардын салымы менен экономикабызды алдыга жылдырууда көптөгон чоң жетишкендиктерге жетүүгө болорун далилденди. Анткени мамлекетибиздин жети дубаны жер ресурстарын иштеткенге ынгайлуу климатка ээ экендиги белгилүү. Мисалга алсак: Чүй өрөөнүн дан эгиндерине, киши башына бир жылга жетээрлик план түзүп, ошол менен пландын аткарылуусун министрлик тарабынан козомолдонсо, Талас областын фасоль жана башка буурчак өсүмдүктөрүнө басым койюп, Нарын областын эт багытында шарттарын түзүп берип ошого жараша талаптардын аткарылышын карап, Ысык-Көл областын туризм тармагына багыттап ар кандай мамлекеттер аралык жарнамаларды чыгарып туристерди тардуусу боюнча милдеттеме жүктөп, Баткен областын жер-жемиштер жана өрук менен дүйнөлүк денгээлге талапка жооп бере турган кургатылган өрүктү даярдап, Ош, Жалал-Абад областарын мөмө-жемиштерге жана пахта, тамеки өндүрүүгө багыттап план салып ошол план менен эч кандай импорту жок өзүбүздү-өзүбүз камсыздасак, мамлекетибизде көрүнүктүү жумуштар жасалып, дефицитте турган бюджетибиз профицитке көтөрүлүшүнө мүмкүнчүлүктөр түзүлмөк [6].

Бүгүнкү күндө күз мезгилинде жыйын терим башталгандыктан, талаачылык жумуштарында пахта эгинин жыйноо кызуу журуп жаткан кечи. Учурдун талабына караганда пахтанын сортуна жараша эң жогорку сапаттагы пахтанын 1 кг 51сомго барабар болуп жатат. Ал эми био пахтанын 1 кг 53 сомго жетти. Бул био пахтанын сапаты жагынан жакшы болуп уругунан май жана башка нерселер чыгарылып, буласы сапаты жагынан жогору болуп суроо талаптар кобуроок био пахтага кобойүүдө. Био товар өндүрүү үчүн жердин асылдуулугун көтөрүп даары сеппестен жетиштирүүбүзгө шарт түзүүбүз абзел.

Азыркы учурда жер ресурстарын иштеткен айыл чарба фермердик чарбаларга мамлекет тараптан чоң колдоо көргөзүп, күйүүчүү, майлоочу майларды алып берип, айыл чарба техникалары менен камсыз кылсак алгылыктуу иштерди жасаган болобуз. Мамлекет тарабына айыл чарба жана дыйкан чарбачылыкты уюштургандарга мөөнөтсүз, пайызы аз, кредиттерди берүү менен чоң колдоо көргөзөбүз. Андан сырткары эл аралык инвестицияларды тартып келип дыйкан фермерлерге жардам берүүбүз абзел. Жер ресурстарын иштеткен ишмердиктин ар тараптуу шарт түзүп берилсе, алар чыгарган товарлардын сапаты жогоруласа экспортко шарт түзүлүп экономикабыздын алдыга өсүүсүнө жана бюджетибиздин дефициттен чыгуусуна мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Жер Кодекси. - Б., 1999.
2. Жалал-Абад областынын социалдык-экономикалык өнүгүүсү. Областык статистика башкаруу Жыйнагы [Текст]. - Жалал-Абад, 2018. -192 б.
3. Мусакожоев Ш.М. Эл чарбасын мамлекеттик жөнгө салуу. [Текст] / Ш.М. Мусакожоев. - Б., 2009. - 228 б.
4. Койчуев Т.К. Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсү. [Текст] / Т.К. Койчуев. // Евразийский международный научно-аналитический журнал, №3-4. - 2009. - 98 б.
5. Өмүрзаков С.А. Рынок шартында агрардык өндүрүштү башкаруу механизмин өркүндөтүү [Текст] / С.А. Өмүрзаков. - Бишкек, 2012. - 14-25-бб.
6. Кыргыз Республикасынын Социалдык тенденциясы. 2017-2019-жж. - 3-чыг. Бас. ГВЦ НСК КР. - Б., 2019.